УДК: 821.512.154

Бейшембиева Н.

*ИГУ им. К.Тыныстанова*

# ДАГЫ БИР ЖОЛУ МАНАСЧЫЛАР ЖӨНҮНДӨ УЧКАЙ КЕП

*«Манас» эпосу дүйнөлүк адабияттын тарыхында сейрек учураган улуу көркөм эстелик. Кеп анын көлөмүндө эмес, эпостун камтыган бай, олуттуу тарыхый окуяларында, баарынан мурда бийик көркөм дүйнөсүндө. Манастаануу илиминин тарыхында көптөгөн маанилүү маселелери илимий иликтөөнүн обьектиси болду. Бирок али иликтене элек жактары андан көп. Автор өзүнүн макаласынын темасын «Манас» эпосуна байланыштуу алганы кубаттоого канча татыктуу. Манасчылык өнөрдүн өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, кереметтүү түш, таасирленүү, башкалардан үйрөнүү деп, жаш автор макаласында туура белгилейт.*

*Кыскасы, манасчылык өнөрдүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү макалада конкреттүү мисалдар менен жакшы баяндалган.*

***Негизги сөздөр:*** *көркөм эстелик, тарыхый окуялар, манасчылык өнөр, керемет түш, таасирленүү.*

*Эпос "Манас" в истории мировой литературы редко встречающий великий художественный памятник. Речь не в обьеме, а в значение богатых исторических событиях в эпосе, а прежде всего в мире высокого искусство. Отмечая особенности искусства манасчи, молодой автор правильно заметил о том, что это дивный сон, впечатление, обучение у других.*

*Таким образом, в статье содержательно изложены специфические особенности искусства манасчи на конкретных примерах.*

***Ключевые слова:*** *художественный памятник, исторические события, искусство манасчи, дивный сон, впечатление.*

*Epos "Manas"is arare, great artistic monument in the history of world literature. It is not about the size, but it is in the meaning of the richest events. Also it is considered one of the greatest epos in the art world. Tne science of Manas was an essence of manu important questions in the history of the scientific recearch. A young author manti oned that it is a miracle dream, impressions of learning from others.*

*Thats why the article deals with the specific features of art on the concrete exzamples.*

***Key words:*** *artistic monument, historikal event, the art of manaschi, a meracle dream, impressions.*

Элибизде «Өңгөнү коюп, Манасты айт» деген накыл сөз бар. Ооба, ушул кептен улам элдин «Манаска» болгон урмат-сыйы, аяр мамилеси жарк этип чыга келет. «Манастын» «Манас» болуп биздин күндөргө жетишине эң алгач «Манасты» айткан, аны муундан муунга ыйык, табарек кылып өткөзүп келген манасчылардын ролу чоң экени эч талашсыз. Элибизде илгери убактарда, бүгүнкү күндөрдө деле «Манас» айткан адамдарга өзгөчө мамиле кылышкан, алардын кадыр-баркы эл арасында өзгөчө бийиктикте болуп келет. Анан ар бир адамдын көңүлүндө жылт этип, «манасчылар кандай адамдар, аларда кандай касиет бар?» деген суроо туулбай койбойт. Мектептерде кыргыз адабияты сабактарында «Манасчылар жана манасты айтуу бөтөнчөлүктөрү» деген теманы окутууга 1 эле саат бөлүнгөн. Эң тажрыйбалуу мугалим да ушул 1 саат ичинде манасчылар жөнүндө кеңири түшүнүк берип, үлгүрүшү арсар.

Кеп оболу, эң алгач манасчы деген сөздүн маани-маңызына, аталыш себептерине токтололу. Совет мезгилине чейин, совет мезгилинде эпикалык

чыгармаларды кызыктуу кылып айтып берген өнөрлүү адамдарды эл өзүлөрү жалпы ат менен жомокчу деп аташкан. Анан ушул жомокчу деген термин «Манас» эпосун айткан адамдарга да таандык болгон. Мунун далили 1925-жылы Москва шаарынан чыккан «Семетей» эпосу китебинин титулдук бетиндеги вариант Тыныбек жомокчуга таандык экендиги көрсөтүлүп, ушул эле китепченин кириш сөзүндө «Манас» айткан адамды эл «жомокчу» деген наам менен атагандыгы эскертилип көрсөтүлгөн. (5, 3)

«Манасчы» деген терминди эң алгач Х.Карасаев «Кызыл Кыргызстан» (кийин «Советтик Кыргызстан», «Кыргыз Туусу») газетасына 1930-жылы 27-майда жарык көргөн «Манас» аттуу макаласында пайдалангандыгын баса белгилеп кетүүбүз зарыл. Себеби бул жагдай көп айтылбай келет. Анткени окуучулар, жаштар, студенттер аталган макаладан кийин гана «манасчы» деген сөз атайын термин катары терминологиялык жана энциклопедиялык адабияттарга кирип, анан эл арасында да кеңири колдонулуп келе жаткандыгына кабардар болушат. Х.Карасаев Саякбай Каралаевдин манас айтуу өнөрүн угуп, аны издеп таап, борбор шаарыбыз Фрунзеге алып келип (азыркы Бишкек), бул адамдын элге таанылышына, анан залкар манасчы болушуна жасаган чоң эмгеги бар. Мына ушул жагдайлар да кийинки кездерде көп айтылбай келет. «Манасты» биринчи айткан адамдын ким болгондугу илимде (тарыхта, адабиятта) белгисиз. (6, 12)

«Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн бири, казак элинин жазуучусу академик Мухтар Ауэзов манасчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантындагы Кайыпкандын кызы Карабөрккө тигип берген боз үйүнүн көрүнүш көркүн жарым күн ырдаган (айткан) Жайсаң деген ырчы эскертилээрин айтат да, Манас жөнүндөгү алгачкы ырларды чыгарган ошол Жайсаң ырчы болушу мүмкүн деп жоромолдойт (4, 5).

«Манас» адегенде эле бүгүнкү көлөмдө, мазмунда жаралбастан, бир нече чыгармалардан бара-бара анан көлөмдүү эпос жаралганы шексиз. Кытай жылнаамаларында кыргыз уруулары байыркы эл экендиги көп маалыматтарда берилген экен. Демек, ошол ырлардын бири сөзсүз «Манас» экендигинде да эч шек жок. Бизде жалпы эле манасчылар (жомокчулар) жана «Манасты» айтуу бөтөнчөлүктөрүн окутуунун методикасына, аны окутууга багыт берүүчү, колдонмо катары милдеттерди аткаруучу илимий-методикалык макалалар өтө аз же болбосо жокко эсе. Ошондуктан ар бир мугалим бул темаларды окутууда советтик фольклор изилдөөчү, окумуштуулар, адабиятчылар: М.Ауэзов менен Б.Юнусалиевдин, Ч.Айтматовдун, К.Рахматуллиндин, С.Мусаев менен Р.Кыдырбаеванын ж.б. эмгектери менен таанышып, алардан айрым керектүү маалыматтарын алып, сабакта колдонсо болот.

Манасчы болуп чыгуунун эки себеп-шарттары бар деп аныктама берилет. Бири – түш көрүп, түшүндө аян берилип, анан манасчы болуп чыгуу, экинчиси - башкалардан үлгү алып, үйрөнүүнүн негизинде манасчы болуп чыгуу. Совет мезгилинде атеисттик тарбия берүү маселеси саясаттын бир жагын чоюп турган учурда түш көрүп, анан түшүндө аян берилип, манасчы болуп чыгуу себеп-шартына аныктама берүүгө аракет кылгандарды диний эски көз караш жана ишенимди жактоочу катары карашкан учурлар да болгон. Чын-чынына келгенде, «Манас» айтууга ынтызар өспүрүм же улан Манас жөнүндө бардык уккан маалыматтарын эсине тутуп, көңүлүндө элестетип, кыялданып толгонот. Эпостогу негизги каармандар, окуялар жан дүйнөсүнө бекем орноп, Манас баатыр баш болгон каармандардын түшкө кириши мыйзам ченемдүү эле жагдай болуп

эсептелет. Өспүрүм көргөн түшүн эне-атасына, өзүнөн улуу адамдарга айтат. Кыргызда түштү, сөзсүз, жакшылыкка жоруйт эмеспи. Албетте, анын да көргөн түшүн жакшылыкка жорушуп, жан-ишенимдери пайда болот. Ал эми башкалардан үлгү алып, үйрөнүү, таалим-тарбия аркылуу дүйнөсүндө манасчы болуу себеп-шарты – эң башкы фактор. Анткени өспүрүмгө күндөлүк турмушунда таасир берүүчү чөйрөнүн өнөрдү, шыкты өстүрүүчү күчү өзгөчө таасир бере алат. Маалыматтарды карасак, «XX кылымдын Гомери» аталган залкар манасчыбыз Саякбай Каралаев эң алгач өзүнүн чоң энесинен таалим алган. Ал киши эпостун айрым бөлүктөрүнөн үзүндүлөрдү Саякбайга айтып берген. Андан соң Суранчы акесинин айткандарын көңүлгө кунт коюп, жаттап алып, анан эл алдында аткарган. Ал эми келечекте чоң манасчы болуп калыптанышына Чоюкенин таасири өзгөчө чоң болгон. Саякбай өмүрүнүн акырына чейин насаатчысы Чоюкенин атын оозунан түшүрбөй айтып, өзүн ошол адамдын окуучу шакирти катары эсептеген. Саякбай ошол кездеги атактуу манасчы Акылбекти өз көзү менен көрүп, жолугушуп, айткандарын угуп, чоң таалим-тарбия алган. Жогорудагы далилдүү фактылардан кийин ушул маалыматтарды сабактарда колдонсок, жаштарга баяндасак, алар түш көрүп гана манасчы болбостон, башкалардан үлгү алып, үйрөнүүнүн мааниси зор экендигине толук ишенип ынаанышат.

Манасчы болуунун жогоруда көрсөтүлгөн эки себеп-шартынан башка дагы бир өтө өзөктүү да, маанилүү да бир шарт бар. Бул шартсыз эч убакта адам чоң манасчы болуп чыга албайт. Эгер ар өңүттөн саресеп салып, себеп-шарттарына, таасир берүүчү жагдайларына талдоо коюп карасак, эң өзөктүү да негиздүү да үчүнчү шарт чыга келет. Ал – манасчыларга сөзсүз керек учуучу канат сымал ролдогу акындык өнөр дарамети. Манасчылар талант жана шык жагынан акындардан айырмаланбагандыгы менен, өзүлөрүнө таандык чыгармачылык өзгөчөлүктөргө ээ. Манасчылар эч кандай музыкалык аспабы жок эле эпосту эл алдында аткарып келишет. Бул жердеги негизги өзгөчөлүк манас айтууда үн менен обондун, кыймыл-аракеттин, мимиканын, колдордун кыймылынын чоң мааниси зор. Эпостогу окуянын жүрүшүнө жараша үн ыргагы өзгөрүлүп, диалогдор өзгөчө ыкмада берилип, окуянын мүнөз жагдайына жараша мимика, кол кыймылы жасалып, айтылып жаткан окуяга толуктоочу, ачып көрсөтүүчү боөк сүртүмдөрү сымал жардамчы мүнөздөргө ээ. Манасчынын артисттик чеберчилиги мына ушул жагдайлар менен көрүнөт. «Манастын» өзү көп варианттуу болгон сыяктуу, анын ыргак, обондору да көп варианттуу. Демек, манас айтууда ага таандык салттуу обон, атайын кыймыл-аракет, мимика – башкы белгилери. Жаңыдан «Манас» айтууга дилгир жаш манасчы текст менен катар обонду, кыймыл-аракетти, кол жаңсоону атайылап үйрөнүп, башка манасчылардан таалим-тарбия алат. Бул өнөрлүү адамдардын эске тутуу мүмкүнчүлүгү да мыкты өнүккөн. Жаңыдан эл алдында айта баштаган ар бир манасчы жеке эле сюжет эмес, толуп жаткан ыр саптарын, каармандарга берилген даяр портреттик (образдык) сүрөттөөлөрдү, мүнөздөмөлөрдү, элге жаккан элестүү ыр түрмөктөрүн «мурас» боюнча кабыл алып, өз аткаруусунда ошол калыбында эле айрым өзгөртүүлөр менен кеңири пайдаланат да, эпостон айрым үзүндүлөрдү эң алгач өз ичинен машыгуу иретинде күңгүрөнүп айтат, же болбосо ээн жерлерге барып өзүнчө күрүлдөп айтып өзүн-өзү сынайт, андан кийин эл алдында чыгып айта баштайт. Мына ушул айта баштаган учурда анын акындык дарамети чоң колдоочу күчкө ээ болот, окуяларды ыр түрүндө такалбай төгүп айтып, өзү да окуяга аралашып, аларды жүрөгүнөн

өткөрүп, күлчү жерден күлүп, ыйлоочу жеринен ыйлап да жиберет. Эгер акындык дарамети чоң болсо окуяларды көркөмдөп сүрөттөө, улам кенен кылып айтуу бийиктигине жетет, өз варианттарын кошот. Эң башкысы, манасчылардын чыгармачылыгына салттуулук жана жеке табылга сыяктуу эки учур мүнөздүү. Кыргыз тилинин сөздүгүндө салт – бул белгилүү бир нерсенин жөнү, эрежеси, шарты деп берилсе (2, 1068), ал эми салттуулук дегенибиз – бул даяр сюжет, мурда иштелип чыккан, эл арасына кеңири белгилүү көркөм ыктар, даяр сүрөттөөлөр, обон ыргактары, мимика, кыймыл-аракеттер, туруктуу эпитеттер. Табылга – бул жетишилген ийгиликтин жаңы ачылышы. (2, 1127) Ал эми жеке табылга дегенибиз – анын акындык дараметине жараша кошумча көркөм сүрөттөөлөр, окуялардын жүрүшүн кеңейтип чагылдыруу, кошумча варианттарды киргизүү менен өз салымын кошуп, жаңы табылгалар менен байытат. Бул багытка кирүүчү дагы бир өзгөчө жагдай: манасчыларда элдик астрономиялык, астрологиялык, ботаникалык, медициналык түшүнүктөрү, баамчылдыктары да жогору деңгээлде кеңири болушу эпоско жаңы табылгаларды кошо алат.

Манасчылар көркөм сөз чеберлеринин ичинен өзүнчө топту түзөрүн, алар акындардан чыгармачылыгынын мүнөзү жагынан да айырмалана тургандыгын жана бул абал эң алды менен манасчылардын кесип-өнөрүндөгү жеке табылгага караганда салттуулук биринчи орунда туруп, чечүүчү мааниге ээ. Биз «Манасты» улуттун жүзү, тили, тарыхы жана маданияты деп сыймыктанганга толук акылуубуз.

«Манас» эпосу кылымдан кылымга, муундан муунга өтүп, салттуулугун жоготпой, байып, эч өзгөрүлбөй башка маданияттарга аралашпай, бизге акактай тунук, таза жеткени – кыргыз эли өз тилин, салт-санаасын, маданиятын, үрп-адатын, улуттук өзгөчөлүгүн сактап келгендигининин накта далили!

Бүгүнкү учурда эл арасында кеңири таралган «манасчы» деген жалпы наам ич ара «манасчы» жана «семетейчи» деп экиге бөлүнөт. «Манасчы» деп эпостун биринчи бөлүмү – «Манасты» же үч бөлүмдү: «Манасты», «Семетейди», «Сейтекти» толук айткан таланттуу адамдарды атасак, ал эми семетейчи деп, негизинен, экинчи бөлүмдү – «Семетейди» же кээде ага кошуп, «Сейтекти» да айткандарды айтабыз. Жергебизде үч бөлүмдү тең толук айткан манасчылар өтө сейрек, атаганат. Үч бөлүмдүн туруктуу салттык окуяларын толук камтыган эпостун кеңири мүнөздөгү вариантын жомокчулар – чоң манасчылар гана жаратышат жана аткарышат. Алар - Тыныбек Жапы уулу, Чоюке Өмүр уулу, Сагымбай Орозбак уулу. Ушул чоң манасчылардын варианттары бүт сакталып калган эмес. Манасчылардын арасынан үч бөлүккө бирдей мамиле жасап, аларды толук кагаз бетине жаздырган – заманабыздын залкар манасчысы Саякбай Каралаев атабыз. Бул адам көз караш, түшүнүк жактан бизге жакын турган жана өмүрүнүн көбүн биздин учурда жашап өткөргөн себептерден чыгармачылыгы биз үчүн жакын жана түшүнүктүү.

Манасчылар да, ырчы-акындар да элдин арасынан чыккан таланттуу адамдар, чыгармачылыгы, таланттарынын мүнөзү жагынан булардын арасында көп жакындык бар. Ырчы-акын «Манас» айтуусу, же манасчы өзүнчө ыр жаратуусу толук мүмкүн нерсе. Маселен, Саякбай Каралаев жеке эле «Манас» айтуу менен чектелбестен өзүнчө чыгармаларды жаратканы жалпыга маалым. Мунун тескерисинче кээде ырчы-акындар «Манастан» үзүндү айтуу учурлары да кездешет. Алсак, залкар акын Осмонкул Бөлөбалаев, эл акындары Эстебес Турсуналиев,

Токтосун Тыныбеков, Турганбай Абдиев эл арасында «Манастан» үзүндүлөрдү чү деген жерден эле айтып жибергени белгилүү. Акындардын дээрлик бардыгы майда лирикалык жанрдагы чыгармалардан тартып, «кенже» деп айтылып жүргөн: «Эр Төштүк», «Курманбек», «Эр Табылды», «Кедейкан», «Олжобай менен Кишимжан», «Жаңыл Мырза» ж.б. эпостору аткарышса, айрымдары «Манас» эпосунун кээ бир бөлүктөрүн айтуу менен чектелишет. Кенже эпосторду акындар бир, эки кечте айтып бүтүрсө, ал эми «Манасты» манасчылар бир нече жумалап, айлап айтышкан. Залкар манасчы Саякбай Каралаев атабызда манасчылык өнөрдөн башка бүркүттү бир карап эле кыраандыгына сын бере алган, таптап үйрөтүп аңга салган мыкты мүнүшкөр, жылкыны сынап, сын берген саяпкерлик шык өнөрү болгон. Кудайга шүгүр, элибиздин таланттуу режиссер уулу Мелис Убукеев Саякбай Каралаевдин эл алдында жана атайын тигилип, кино темага тартууга шарт-жагдайлары уюшулган боз үй ичинде «Манас» айтып жаткан учурларын тартып калды. Ал ошондой эле «Манас» эпосу боюнча даректүү баян иретинде эң көп адамдардын катышуусунда, эң кооз жерлерде эпоско таандык кийим-кече, буюм-тайым, курал-жарактарды атайын даярдатып жасатып, эң көп боз үйлөрдү тиктирип, эң мыкты кино тасманы жаратты. Кыргыздын чыгаан уулу, таланттуу сүрөтчү, кайталангыс өзгөчө деңгээлдеги киноактөр Сүймөнкул Чокморов Саякбай атабыздын сүрөтүн ээрчип кошо жүрүп тартып, элине белек кылып калтырды. Булар - элине жасаган эң чоң эмгектер. Манасчылардын чыгармачылыгындагы негизги белгилердин бири - башкалардан таалим алуу, үйрөнүү.

Манасчылардын бирөөлөрдөн үйрөнүүсүнүн да өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. Ар бир болочок манасчы чыгармалык текстти баштан аяк жаттап алып үйрөнбөйт, окуялардын негизин, нугун гана өздөштүрөт, мурдатан атайылап келе жаткан даяр сюжетти өз талантынын, дараметинин күчүнүн деңгээлине жараша ырга айлантышат, ыр көбүнчө 7-8 муундагы куюлушкан уйкаштыкта болсо, ыргак обон да уккулуктуу, маани көркөмдүгү кенен жана терең болот. Манасчылык кесипти өздөштүрүү жалаң жаттоо процессинин натыйжасы экен деп жыйынтык чыгарууга болбойт, себеби чоң жана чыныгы манасчылар – тубаса таланты бар чыгармачыл адамдар, аларда импровизатордук шык жана өнөр өзгөчө өнүккөн. Ошол себептерден улам алар өз алдынча чыгарма жаратууга да жөндөмдүү.

Элибизде не бир залкар жомокчулардын (манасчылардын) өзүнчө «мектеби» болгон. Мектеп дегенибиз–устат-шакирт таалим-тарбиясы, ээрчитип жүрүп топко кошуу, өз алдынчалыгын өнүктүрүү, пайдалуу кеп-кеңештерди берүү. Ар бир эле чоң манасчы мектеп түзө берген эмес. Бул манасчылардын арасында сейрек кезигүүчү айрым зор таланттардын гана үлүшү. Себеби жашоо-турмуш жагдайы, мүмкүнчүлүгү, устаттык баалоо чеберчилиги сыяктуу шарт-жагдайларда да керек болуп, баарында эле бул шарт-жагдайлар бирдей болгон эмес.

Ар бир мектептин башында турган чоң манасчынын жолун жолдоочулары, окуучулары, шакирттери, анын салтын улантуучулары болгон. Буга далил Сагымбай Орозбак уулунун мектебинде Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов), Шапак Рысмендиев, Багыш Сазанов, Актан Тыныбеков, Ыбрай Абдрахманов, Молдобасан Мусулманкуловдор, ал эми Саякбай Каралаевдин мектебине Мамбет Чокморов, Мамбетаалы Ашымбаев, Шаабай Азизов, Уркаш Мамбеталиев ж.б.у.с. манасчылар кирет. Жогорудагы эки мектепке кирген манасчылар географиялык, уруулук, таптык белгилерге карабастан, тескерисинче эки залкар манасчынын зор талантындагы чыгармачылык күчтүн тийгизген таасири

астындагы эстетикалык принциптердеги белгиге, эпизод, окуялардагы персонаждардын, кырдаалдардын, ар түрдүү турмуштук баяндоолордун, айтор, бүткүл циклдеги окуялардын сүрөттөлүшүнө, айтуучулук манерасына карай бөлүштүрүлөт.

Манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн белгилөөдө жана алар жөнүндө маалымат топтоодо, алардын талантынын күчүнө жараша бөлүштүрүүдө изилдөөчү окумуштуулар М.Ауэзов менен К.Рахматуллиндин кошкон салымдары, эмгектери зор. Манасчылардын жашаган доорлоруна карата жалпы жонунан шарттуу түрдө эки чоң топко бөлүштүрүп, түшүндүрүү максатка ылайыктуу. Биринчи топко эл оозунда уламыш катары айтылып жүргөн жана совет мезгилине чейин жашап өткөн манасчылар кирет. Бул топтун өкүлдөрүнө: болжол менен XIV –XV кылымдардагы учурларга таандык Токтогул ырчыны, XIX кылымдын 80-жылдары дүйнөдөн өткөн Келдибек Барыбоз уулун, Балык (Бекмурат) Кумар уулун, Балык уулу Найманбай, Назар Болот уулун, Чоюке Өмүр уулун, Тыныбек Жапы уулун ж.б. ысымдарын атоого болот. Бул манасчылардын ичинен өмүр баяны, чыгармачылыгы жөнүндө бизге кененирээк, тагыраак маалым, анын айтуусу боюнча текст жазылып калгандардан (толук эмес болсо да) атасак – Тыныбек Жапы уулу. Экинчи топко совет доорундагы учурларда жашаган жана өздөрүнүн варианттарын кагаз бетине түшүрүшкөн манасчылар кирет. Бул топтун өкүлдөрүнө: Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Каралаев, Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов), Шапак Рысмендиев, Молдобасан Мусулманкулов, Жаңыбай Кожоков, Акмат Рысмендиев, Ыбрай Абдырахманов, Мамбет Чокморов, Дункана Кочуке уулу ж.б.

Кыргыз элинде белгилүү манасчыларды талантына, дареметине, аткаруучулук өнөрүнө, чыгармачылык шыгына жараша чоң манасчы, үйрөнчүлүк манасчы деп өз ара негизги төрт топко бөлүштүрүү менен карашат. Бул жерде жаңыдан «Манас» айтууга кадам коюп, эл алдына чыга баштаган мезгилден тартып, талант-шыгы улам өркүндөп жетилип, элге кеңири таанылып, дасыгып улам бир тепкичке көтөрүлгөн сымал бийиктей берет. Чоң манасчылар–өзгөчө кадыр-баркка ээ болгон, эл сыйлап урматтаган, зор таланттуу, эпостун бардык окуяларын башынан аягына чейин толук айткан, өз алдынча вариант түзүп, эпостун мазмунун кеңейткен, эпостун көркөмдүк деңгээлин жогорулатууга зор салым кошкон, өнөрү менен элге кеңири таанылган өнөрлүү адамдар. Бул топко манасчылар Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Каралаев аталарыбыз кирет. Үмүттүн шооласы үзүлбөйт демекчи, кыргыз бар жерде «Манас» түбөлүк айкөлдүктүн символу болуп жашай берет. Кудайга тобо, уучубуз куру эмес, азыр да «Манас» айтууга өнөр шыгы бар муундардын тобу элге таанылып келе жатканына жүрөк толкуп, кубанасың.

Талант жана өнөр дарамети боюнча экинчи топ – чыныгы манасчылар, биринчи топтогу чоң манасчыларга жакын турат. Себеби булар эпостун үч бөлүмүнүн бирин кененирээк айтып, калган бөлүмдөрүнөн үзүндү эпизоддорду айтышат, алар да өз алдынча вариант түзүп, эпоско өзүлөрүнүн тийиштүү салымын кошот, эпизоддордогу каармандардын образын кошумча өздөрүнчө кеңири боёктор менен түшүндүрөт. Биздин доордо жашап, өз варианттарын жаздырышкан чыныгы манасчылардын тобуна М.Мусулманкулов, Б.Сазанов, Тоголок Молдо, Ш.Рысмендиев, М.Чокморов, Акмат Рысмендиев, Ш.Азизов, У.Мамбеталиев ж.б. манасчыларды айтууга болот. Бүгүнкү күндө «Манасты» атайын кесип кылган адамдар жокко эсе, бирок маараке, салтанаттарда өнөрү менен эл алдына чыгып,

айтып жүргөн жаштар көп. Бул жүрөк кубантаарлык көрүнүштөрдүн бири. Көл өрөөнүндө көбүрөөк жана башка аймактарда жарк этип чыгып келе жаткан манас айтууга шыктуу жаштардын өзүнчө бир мууну элге таанылa баштады. Залкар манасчы Саякбай атанын маараке тоюнда бири-бирин улап, 8 күн «Манас» айткандары «Эл ичи өнөр кенчи», «Эл болгон жерде өнөр да болот» деген сөздөрдүн калетсиз далили экендигин көрсөтө алды. Атаганат, эми ошол бийик өнөрдү аркалаган жаштарыбызды колдоп, сүрөп, муктаждыктарын чечип, мамлекеттик деңгээлдерде үзгүлтүксүз камкордук көрүлүп, ардактап өстүрүп алсак экен  деп тилек кылабыз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз тилинин сөздүгү. –Б.: «AVRASYA JAYINCILIK», 2010.
2. «Манас»: Эпос/Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча; Худож.Т.Г.Герцен. – Ф.: Кыргызстан.
3. «Семетей» эпосу. Тыныбек Жапы уулунун варианты боюнча. – М., 1925.
4. Карасаев Х. «Манас». //Кызыл Кыргызстан. – Ф., 1930. -№04 (47).